**«МАКУЛДАШЫЛДЫ»**
Билим берүү программаларын
жана уюмдарын аккредитациялоо
агенттигинин кызматкерлеринин
**Жамааттык жыйыны**

Протокол № 67-1 от 05.09.2024

**«БЕКИТИЛГЕН»**
Билим берүү программаларын жана
уюмдарын аккредитациялоо
агенттигинин директору
_____________ Б. И. Исмаилов

Буйрук №2/0101

# БП жана/же БУ аккредитациялоо боюнча эксперттер жөнүндө Жобо

Бул документ билим берүү программаларын жана/же уюмдарын аккредитациялоодогу эксперттердин иштөө тартибин жана эксперттер жооп бериши керек болгон негизги талаптарды белгилейт.

Эксперттин негизги максаты Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 15-майындагы № 246- токтому менен бекитилген Билим берүү чөйрөсүндөгү аккредитациялоо талаптарын жана критерийлерин билим берүү программалары жана/же уюмдарынын аткаруусун көз карандысыз жана объективдүү баалоо болуп саналат.

Бул максат стандарттарды ишке ашырууга баа берүү менен бирге, аккредитацияланучу программалардын жана/же билим берүү уюмдарынын алсыз жана күчтүү жактарын аныктоого, ошондой эле, билим берүү программаларынын сапатын же билим берүү уюмдарынын ишинин натыйжалуулугун жогорулатуу боюнча сунуштарды иштеп чыгууга багытталган.

## Экспертке талаптар

Эксперт өзүнүн функцияларын аткаруу үчүн зарыл болгон кесиптик компетенцияларга, мамлекеттик же өздүк документ менен тастыкталган тийиштүү кесиптик билимге жана тиешелүү кесиптик чөйрөдө документалдуу практикалык иш стажы (3 жылдан кем эмес) болууга тийиш.

Эксперт аккредитациялоо талаптарын жана критерийлерин ишке ашырууну баалоодо калыс жана көз карандысыз чечимдерди кабыл алууга тийиш.

Эксперт аккредитацияланучу уюмдардан жана алардын персоналынан көз карандысыз, объективдүү болуусу керек жана кабыл алынуучу чечимдерге таасир эте турган коммерциялык же финансылык кызыкчылыктардын жок болуусу тийиш.

Эксперт коммуникабелдүү, туура, ынтымактуу, командада иштей билген адам болушу керек.

Эксперт акыркы 3 жылда аккредитацияланучу билим берүү уюмунда иштебеши керек жана бул билим берүү уюмуна тиешелүү эч кандай ишке катышпашы керек.

Эксперт ББПУАА же башка аккредитациялык агенттиктерде документтештирилген окуудан өтүшү керек.

Эксперт тиешелүү маалыматты талдоо, системалаштыруу жана жалпылоо, тышкы баалоо боюнча отчетту түзө билиши керек.

Эксперт жеке компьютер менен, жок дегенде, колдонуучунун деңгээлинде (MS Office) иштей билиши керек.

Эксперттик ишти баштоонун алдында эксперт ушул Жобонун жана Эксперттин Ар-намыс кодексинин бардык пункттарын так сактоо менен аккредитациялоо боюнча иштөөгө даярдыгы жөнүндө арызга кол коюуга тийиш. Бул арыздын негизинде ББПУАА эксперт менен эмгек келишими түзүлөт.

## Эксперттин укуктары жана милдеттери

**Эксперттин милдеттери:**

- аккредитациялоо иштеринде иштөөгө даярдыгы жана аны так сактоо жөнүндө билдирүүгө кол коюу;
- эксперттин Ар-намыс кодексин так сактоо;
- БУ баруу, документтерди изилдөө, БУ студенттери, ата-энелери, мугалимдери, бүтүрүүчүлөрү, администрациясы жана социалдык өнөктөштөрү менен маектешүү;
- өзүн-өзү баалоо отчетун талдоонун жыйынтыгынын негизинде, БУ баруу менен аккредитациялануучу программанын жана билим берүү уюмунун аккредитациялоонун стандарттарына жана критерийлерине ылайык келүүсүн жана ылайык келбегендигин көрсөтүп, билим берүү уюмунун күчтүү жана алсыз жактарын көрсөтүү менен тышкы баалоо отчетун жазуу;
- билим берүү уюмдарын жана/же аккредитациялануучу билим берүү программаларын жакшыртуу боюнча сунуштамаларды иштеп чыгуу;
- ББПУАА үчүн аккредитациялоо процессин өркүндөтүү боюнча сунуштарды иштеп чыгуу;
- ББПУАА квалификацияны мезгил-мезгили менен жогорулатуу;
- билим берүү уюмун жана/же программасын аккредитациялоо боюнча зарыл болгон учурда кошумча текшерүүлөрдү же башка аракеттерди жүргүзүү;
- эгерде ал эксперттик комиссиянын төрагасы болсо, ББПУААнин алдындагы АК отурумунда тышкы баалоо жөнүндө баяндама менен чыгып сүйлөө;

**Эксперттин укуктары:**

- ББПУААнин кызматкерлеринен аккредитациялоо маселелери боюнча көрсөтмөлөрдү жана кеңештерди алуу;
- аккредитацияланууча билим берүү уюмунун жана программаларынын өзүн-өзү баалоосу боюнча отчетту өз убагында алуу;
- тышкы баалоо отчетун жазууда тиешелүү аргументтер менен өзүнүн өзгөчө пикирин билдирүү;
- ББПУААнен аккредитациялоо боюнча бардык зарыл болгон ченемдик документтерди алуу;
- эксперттик иш үчүн акысын жана башка чыгымдардын ордун алуу.

## Тышкы баалоо процесси

**Тышкы баалоо процесси төмөнкү этаптардан турат:**

- даярдык этабы;
- окутуу жана үйрөтүү;
- БП жана/же БУунун өзүн-өзү баалоо боюнча отчеттун изилдөө жана талдоо;
- билим берүү уюмуна баруу;
- тышкы баалоо отчетун жазуу.

**Даярдык этабы**

Эксперт аккредитациялоону жүргүзүү үчүн бардык керектүү материалдарды алат. Билим берүү уюмуна тышкы баалоо жүргүзүү үчүн 2 күндүк программасы менен таанышат. Аккредитациялоо боюнча ишке эксперттин даярдыгы жөнүндө арызга (бир жолу) жана эмгек келишимине кол коет.

**Окутуу жана үйрөтүү**

Эксперт БУ же БП тышкы баалоо боюнча ББПУААнен окуудан өтүшү керек.

ББПУАА көз карандысыз аккредитация боюнча эксперттерди, билим берүү уюмдарында иштеген окутуучулардан жана административдик персоналдан, жумуш берүүчүлөрдөн жана студенттерден алып даярдайт.

Эксперт мезгил-мезгили менен ББПУАА же башка аккредитациялоо агенттиктеринен окуудан өтүп, квалификациясын жогорулатып турушу керек. Ошондой эле эксперт аккредитациялоо процесси жана тышкы баалоону жүргүзүү боюнча 2 күндүк программасы жөнүндө толук инструктаж алат.

**БУ жана БП өзүн-өзү баалоо отчетун изилдөө жана талдоо**

Эксперт өзүн-өзү баалоо боюнча отчетту аккредитациянын стандарттарына жана критерийлерине ылайыктуулугуна талдоо жүргүзүүгө жана ар бир критерийге жана стандартка баа берүүгө тийиш:
“Аткарылып жатат”, “Жетишсиздиктер менен аткарылып жатат”, “Аткарылбай жатат”.
Зарыл болгон учурда эксперт референт аркылуу аккредитацияланууччу билим берүү уюмунан кошумча маалыматтарды жана материалдарды суроого укуктуу.
Эксперттин билим берүү уюмунан маалыматтарды түздөн-түз талап кылууга укугу жок.
Талдоолордун натыйжалары боюнча эксперт чыгаар алдында отчеттун долбоорун түзүүгө жана БУ барганда тактоо үчүн суроолорду түзүүгө милдеттүү.

**Билим берүү уюмуна баруу**

Интервью өткөрүү үчүн экспертке окутуучулардын, студенттердин (окуучулардын), бүтүрүүчүлөрдүн, ата-энелердин жана социалдык өнөктөштөрдүн тизмеси берилиши керек. Эксперт билим берүү уюмуна: лабораторияларга, китепканаларга, устаканаларга жана башка инфраструктурага график боюнча барат. Эксперт бардык зарыл маселелерди башка эксперттер менен талкуулоого катышат.

**Тышкы баалоо отчетун жазуу**

Эксперт өзүн-өзү баалоо боюнча отчетту талдоонун, интервьюларды өткөрүүнүн, документтерди изилдөөнүн жана БУ кароонун натыйжалары боюнча ага дайындалган программаларды тышкы баалоо жөнүндө отчеттун бир бөлүгүн жазат.
Эксперт эксперттик комиссиянын төрагасынын жетекчилиги алдында башка эксперттер менен биргеликте тышкы баалоо боюнча отчет жазууга катышат. Тышкы баалоо боюнча отчетто эксперт өзүн-өзү баалоо боюнча отчеттун сапатына баа берүүгө, билим берүү уюмунун же билим берүү программаларынын күчтүү жана алсыз жактарын көрсөтүүгө, аккредитациялык стандарттардын жана критерийлердин аткарылышына баа берүүгө жана алардын негизинде билим берүү программаларын же билим берүү уюмун жакшыртуу боюнча сунуштарды иштеп чыгууга тийиш.